| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛАСТЫ<br>СОКУЛУК РАЙОНУ<br>З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ |
|---|---|---|

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

28-ноябрь -2024-ж № 1/4 Чат-Кель айылы

## З.Кайназарова атындагы айыл айыл аймагынын жергиликтүү Курултайды өткөрүү жана уюштуруу жөнүндө

Мамлекеттик башкаруунун ачыктыгын, айкындуулугун жана эл менен байланышын чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" №199 Жарлыгына жана үчүнчү Элдик Курултайга Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы №271 Жарлыгынын негизинде З.Кайназарова атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2024-жылдын 7-декабрында ишемби күнү З.Кайназарова айыл аймагынын Чат-Кель айылындагы З.Кайназарова атындагы орто мектебинде Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйын уюштурулсун;
2. З.Кайназарова атындагы айыл аймагы боюнча калктын санына жараша (калк- 8992) өкүлчүлүктүү жыйынга 50 өкүл шайлансын;
3. З.Кайназарова атындагы айыл аймагынан жергиликтүү Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №1-тиркемеге ылайык бекитилсин;
4. Жергиликтүү жамааттар арасында делегат шайлоо боюнча жыйындар 2024-жылдын 4-декабрынан 5-декабрга чейин графикке ылайык өткөрүлсүн; (№2-тиркеме)
5. З.Кайназарова атындагы айыл аймагында жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча тургундардын жыйындарын өткөрүү 2024-жылдын 4-декабрынан 5-декабрга чейин белгиленсин; (№3 тиркемеге ылайык).
6. Элдик курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү курултайды өткөрүү 2024-жылдын 7-декабрь деп белгиленсин ( № 4 тиркемеге ылайык).
7. Ар бир айылдан шайланган жергиликтүү кеңештин депутаттарына, айыл башчыларга, жана жумушчу топко Жергиликтүү курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүү, уюштуруу жагы милдеттендирилсин;

8.Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Чуй облустук Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн;

9. Бул токтомдун аткарылышын өз көзөмөлүмө калтырам.

**Төрага:** **Ибраимов Э.Б**